КАРАЛДЫ:
Педагогикалык кенешменин
№ ___ чечими менен
“_____”____________ 2022ж.

БЕКИТЕМИН
Т.Сатылганов атындагы №69
ОТКГнын директору
__________ С.Т. Атаева

# Т.Сатылганов атындагы № 69 окуу- тарбия комплекс –гимназиясынын педагогикалык кызматкерлерди акчалай сыйлоо жөнүндө жобосу

## 1.Жалпы жобо

1.1. Ушул жобо Т.Сатылганов атындагы окуу – тарбия комплекс – гимназиясынын педагогикалык кызматкерлерин моралдык жактан демилге туудуруу (стимулдаштыруу) үчүн КРнын эмгек кодексинин статьясынына ылайык иштелип чыкты.

1.2. Жобо Т.Сатылганов атындагы окуу – тарбия комплекс – гимназиясынын педагогикалык кызматкерлерин сыйлоо тартибин аныктоочу жана бекитүүчү нормативдик документ болуп саналат.

1.3. Ушул жобо Т.Сатылганов атындагы № 69 окуу – тарбия комплекс – гимназиясынын педагогикалык кызматкерлеринин эффективтүү иштөөсүн жогорулатуу үчүн сыйлоого жана моралдык жактан стимулдаштырууга жардам берүүнү белгилейт .

## 2. Мугалимдерди акчалай сыйлоо тартиби

2.1. Ата –энелердин “Билим тиреги” ата-энелер коомдук бирикмеси , акы төлөп кошумча билим берүү кызматы тарабынан педагогикалык кызматкерлерди акчалай сыйлоо (премия ) каралат :

- ✓ окуучулары райондук , шаардык , республикалык , эл аралык предметтик олимпиадаларда алдыңкы орундарга ээ болгондугу үчүн ;
- ✓ шаардык , республикалык илимий- изилдөө иштеринде (долбоордук ) окуучулары алдыңкы орундарга ээ болгондугу үчүн ;
- ✓ райондук , шаардык , республикалык спорт мелдештеринде окуучулары байгелүү орундарга ээ болгондугу үчүн .

2.2. Окуучулары райондук , шаардык , республикалык , эл аралык предметтик олимпиадаларда , изилдөө иштеринде, спорт мелдештеринде алган орундарына жараша акчалай сыйлыктардын көлөмү ар бир окуу жылынын башында Камкордук кеңеши тарабынан Т.Сатылганов атындагы №69 окуу- тарбия комплекс- гимназиясынын директору , админинстрациясы берген сунуштамасынын негизинде аныкталат.

2.3. Эгерде педагогикалык кызматкер эмгек тартибин бузса , мугалим эскертүү , сөгүш алса акчалай сыйлык берүү токтотулат.